КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын II-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-апрели № 17 Барскоон айылы

## Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара акысын бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы № 25 “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө жарлыгын өркүндөтүү жана ыкчам ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин 2022 -жылдын 19-сентябрындагы № 329-НИ “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларына, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык артыкчылыктуу субъектерине берүү тартибин бекитүү жөнүндө” буйругун, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 17- декабрындагы № 309 “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү жөнүндө” токтомун жетекчиликке алып, жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 17- декабрындагы № 309 “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү жөнүндө” токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин 2023-жылдын 28-мартындагы № 120 буйругун 9-пунктунда көрсөтүлгөн формуланын негизинде мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысынын өлчөмү бекитилсин.

2. Барскоон айылынын сугат жерлеринин жер салыгынын ставкасы 158 сомдон, кайрак жердин салыктык ставкасы 75 сомдон, 30 коэфиценти менен ал эми Тамга, Тосор айылдарынын жер тилкелеринин топурагынын асылдуулугунун төмөндүгүн, таштак, кумдак экендигин эске алуу менен сугат жерлеринин жер салыгынын ставкасы 317,20 сомдон, 20 коэфиценти менен төмөндөгүдөй эсептелсин:

**Барскоон айылы боюнча:**
1 га сугат жерге - 158*30=4740
1 га кайрак жерге - 75*30=2250

**Тамга, Тосор айылдары боюнча:**
1 га сугат жерге – 317,20*20=6344

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин» ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссия курамына жана айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: жергиликтүү кенештин иш кагаздарына 2-нуска, юстицияга -2 нуска, нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска